**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС**
**ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ**
**ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«08»-декабрь 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги XX сессия**

**ТОКТОМ** **№2** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаардык кеңешинин токтомдоруна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Манас шаардык кеңешинин “Географиялык объектилерге аталыштарды жана ысымдарды берүү, өзгөртүү боюнча” Жобосунун негизинде, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 39-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Манас шаарынын мэриясынынын 03.12.2025-жылдагы чыг.№01-18/7668 сандуу каттын негизинде, Манас шаардык кеңешинин кезектеги XX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаардык кеңешинин 22-апрель 2025-жылдагы кезектеги VIII сессиясынын №12 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

8-пунктундагы “Долбоорлоо-15” деген сөздөн кийин “**жана Долбоорлоо 8**” деген сөздөр киргизилсин.

2. Манас шаардык кеңешинин 22-апрель 2025-жылдагы кезектеги VIII сессиясынын №10 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

3-пункту төмөнку редакцияда баяндалсын: “Манас шаарынын Курманбек муниципалдык аймактык башкаруусундагы Дмитрова (Димитрова) чакан көчөсүнүн аталышы **Маматсабирова Уулкан** (лат. Mamatsabirova Ulkan) чакан көчөсү болуп өзгөртүлсүн.”

3. Манас шаардык кеңешинин 20-ноябрь 2025-жылдагы кезексиз XIX сессиясынын №5 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1-пунктундагы **“Мамлекеттик Ипотекалык Компания” ачык акционердик коомунун**” деген сөздөр **“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агентигинин**” деген сөздөргө өзгөртүлсүн.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин социалдык-укуктук маселелер, мыйзамдуулук, депутаттык этика, ишмердүүлүк,

партиялар, коомдук уюмдар жана жаштар иштери, туризм, спорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

6. Ушул токтом Манас шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төраганын орун басары** **Маманов К.Т.**